УДК:82:82:-9:82.0.

Асакеева Д. Ж.
К.Карасаев атындагы БГУ

АБДИЛАМИТ МАТИСАКОВДУН ПУБЛИЦИСТИКАЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

Макалада журналист, публицист, жазуучу А.Матисаковдун публицистик ишмердүүлүгү изилденип, көтөрүлгөн маселелер талкууланып, публицист алып чыккан проблемалар, булардын бүгүнкү күндөгү мааниси жана ал баарынан мурда, адамдын руханий дүйнөсүн изилдери илимий негизде ачылып берилген.

Жазуучу, публицист, коомдук ишмер жана журналист Абдиламит Матисаков – чыгармачылык каруу-күчүн, бүт өмүрүн журналистика өнөрүнө сарптаган адам. Чыгармачылыкка университетти бүткөндөн бери киришип, биринчи макаласын "Ленинчил жаш" газетасында иштеген жылдары жазган, ошол күндөн бүгүнкү күнгө чейин бир канча публицистика, очерк, интервьюлардын ээси, алардын урунттууларын эске салсак: "Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй", "Кайдасың, кагылайын кайрымдуулук!?", "Чайкана", "Тыңшачы, дарыялар шоокуму угулабы?!", "Карынын сөзүн капка сал" "Болуш комузчу", "Тандырдын чогу", "Турмуштан тамган тамчылар" ж.б. очерк, публицистикаларды, эсселерди жараткан.

А.Матисаков – бир гана публицист, журналист эле эмес, жазуучу да, ал кыргыз прозасынын алдыга кетишине жеке салымын кошуп, "Ак коргон" повестин, "Тандыр", "Палван", "Атамды көргөн өлбөсүн…", "Айдын көз жашы", "Далдалчынын уулу", "Таразачы", "Бечаралар" ж.б. бир канча кызыктуу сюжеттик курулуштагы, психологиялык аңгемелерди жазган. «Чыгармачылык аркылуу аман калуу» деген залкар жазуучубуз Чыңгыз Айтматов айткан девизи дайыма кайталанып айтылып келгендей таасир калтырган А.Матисаков да чыгармачылыгында адам инсан катары баарын түшүнүүлөрү керектигин, жалпы адамзаттык маданиятка жетишүү керектигин жана гуманисттик рухтун гүлдөшү үчүн, руханий маданиятты көтөрүүнүн зарылдыгын, ал үчүн кам көрүүбүз керектигин редакторлук ишинде болбосун, чыгармачылыгында болбосун, айтып, түшүндүрүп келген.

Жазуучу катары да, публицист катары да, адам инсан катары татыктуу жашап өтүү, буга жетиш үчүн, эң биринчи, ички маданиятка ээ болуу, нравалык, рухий жактан өсүү, руханий дүйнөсүн байытууга умтулуу, адамкерчилик, адептик жактан таза болууну такай жогору койгон. Эгерде А.Матисаковдун кандай журналист, кандай адам экендигин билгибиз келсе, анын: «Идеалдуу болууга умтулуу, жакшыга теңелүү, татыктуу из калтыруу – бул жарыкчылыктын чөбөгөсү, маңызы. Мусулмандардын ыйык Куранында да ушул маселе тумардай биринчи турат. Идеалга жетеленген адам маңкурттукка жетеленбейт…», - дегенин жана биздин күндө идеалдуу адамдар аз-көп болушу да мүмкүн эместигин эстен чыгарбашыбыз керек.

Журналист, редактор катары А.Матисаков кыргыз басма сөзүнүн алгалашына эмгек өтөө менен бирге, руханий жактан төмөн кулоодон сак болушубузду астейдил эскертип, а бул тилектеринин баарын "Кыргыз Туусу" гезитинин беттеринде элге тааныштырып келген, бул айткандарыбызды анын чыгармачылыгы тууралуу белгилүү жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдун айткандары да далилдейт: "Азыркы улуттук журналистикабызды Абдиламит Матисаковсуз

элестетүүгө болбойт. Бул да өзүнчө чоң сыймык. Бир топ жылдардан бери эгемендүү Кыргызстандын жалпы улуттук төл гезити - “Кыргыз Туусуна” башкы редакторлук кылып, ушул куттуу чыгармачылык өнөрканасында жаш, изденгич журналисттердин “Матисаковдук мектебин” түзүү менен, татыктуу атак-абройго жетишип калгандыгы да анын агасы, калемдеши, замандашы болгон биздей улуу муундагыларга мактанычтуу демөөр. А.Матисаков, жогоруда айтып кеткендей, кыргыз окурмандарына журналист, же жазуучу, же коомдук ишмер катары эле эмес, публицист катары да кеңири тааныш. Кыргыз публицистикасынын өнүгүшүнө жеке салымын кошуп, бир канча мыкты публицистикаларын тартуулай алган. Публицистикалык чыгарма жазуу бир караганда жеңилдей көрүнөт, а жазып келгенде кыйын нерсе, мына ушундай кесипти аркалап, мыкты публицистикаларды жазууда, маселен, кыргыздан чыккан эң мыкты актер, сүрөтчү Сүймөнкул Чокморовдун портретин түзгөн “Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй” деген бир эле публицистикасын атап көрөлүчү, же болбосо баарыбызды койгон суроосу менен ойлондурган “Кайдасың, кагылайын кайрымдуулук!?” деген адам дүйнөсүн аңтарып көрсөткөн чыгармасын атайлычы, а мындай чыгармалары, чынында, өтө арбын. Аны публицист катары иликтөөдө, же публицистикаларын талдоого алганда эң биринчи эле “Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй…” деген публицистикасы, же Ч.Айтматов айткандай портреттик очерк дейбизби, эске түшөт. Автор бул публицистикасын кантип жазып баштагандыгын, жаза албай, кирише албай кыйналгандыгын башында эле айткан. Ооба, Сүймөнкул Чокморов көптүн бири эмес белгилүү инсан, белгилүү актер, чебер сүрөтчү анан ушундай инсан тууралуу жазуу, чындыгында, абдан кыйын, ошондуктан А.Матисаков өзү айткандай: “бу көздү жумуп, жазып салчу иш болсо кана!” Ооба, С.Чокморов тууралуу жазуу оңой-олтоң болгон жок.

С.Чокморов тууралуу публицистикасын жазууда автор эссе жанрына жакындап, белгилүү актердун, сүрөтчүнүн образын берүүгө аракеттенген, актерго кезиккен сааттар, актер колдонгон буюмдар, айылына, туулган жерине болгон сезими, табиятка болгон сезими, мамилеси, адамдарга жасаган мамилеси сыяктуу нерселердин баарын тизмектеп жүрүп отуруп, Сүймөнкул Чокморовдун портретин тарткан, тагыраак айтканда, Чокморовдун актерлук да, сүрөтчүлүк да, адамдык да касиети чечмеленген. Өмүр, тагдырындагы оор учур – ден соолугунун кескин төмөндөшү сыяктуу кейиштүү учур көп болгондугун, бирок ал ага баш ийип, отуруп калбагандыгын, кыйналып турса дайыма күлүп-жайнап тургандыгын:

“- Сүкөм үч күндүн биринде кардиология институтунун нефрология бөлүмүнө каттайт. Бир барганда 4-5 сааттан жатып, боюнда болгон канын тазалатып (алиги чалдын Сүкөмдү ооруканадан көрдүк дегени чын экен) кайтат. Үч күндө бир жолу! Бир күн кемитпейт, бир күн кечиктирбейт! Темирдей бекем режим, темирдей бекем эрк! Ойлоп көрүңүзчү, ар бир үч күндө (процедураны жеңил дегендер жаңылышат) бир жолудан жатып, бир же эки жыл эмес, 1982-жылдан бери дарыланып келет”. Чындыгында, Чокморовдун ооруну жеңүүгө жасаган аракети, мүнөзүнүн токтоолугу, мыктылыгы, эркинин кандайлыгы бул публицистикада ачылып берилген.

Өмүрү башкаларга сабак болчу, кыргыз маданияты үчүн көп иштерди жасаган актер, сүрөтчү, бирок ажалдын айынан эрте кеткен адамдын өмүрү жөнүндө айтуу менен адам, баарынан мурда, адам деген бийик атка татыктуу жашап өтүүлөрү керектигин, ал үчүн элиңди, жериңди, Мекениңди сүйүп, элиң үчүн кызмат кылып, адамга, табиятка каршы бүлдүргүч болбой, таза жашап

өтүүлөрүбүз керектигин С.Чокморовдун мүнөзү, табити, тазалыгы, улуулугу менен түшүндүргөн.

“-Балалыгым ушул талаада өттү. Ортосунда килейген кулач жеткис жоон дарак болор эле. Талаада иштегенде анын чоң көлөкөсүнө түштөнүп укташчу. Чоңдор анын көлөкөсүндө уктап жатканда, биз, балдар, анын тарбайган шактары менен кылда учуна чыгып барып, алыс жактарды тиктеп, өзүбүзчө кыялданып, көкүрөккө максат түйчү элек… Ошол дарак биз үчүн жомок эле… аркы айылдык бир араккор шериги менен ичкиликке тоюп алып, бир тракторго учкашып келет да, айылдын тумардай көргөн дарагын түбүнөн кесип, жүктөп кете беришет. Эл эртеси уйкудан ойгонуп сыртка чыкса, баягы дүпүйгөн дарак көрүнбөйт. Ошондогу элдин наразычылыгын сөз менен айтып бере албайм го. Карасаң, бир ою пас, өзүмчүлдүн караөзгөйлүгүнөн эки айыл көздөй көргөн дарагынан айрылды. Бул го мындан эчен жыл илгери болгон иш, азыр андан оңолуп калдыкпы?.. Оңолсок кана… Бирөө жарымдын көзү көрбөсө болду, колго киргенди чаап-жыгып, маа демектен тукум курут болуп кетсин. “Бул жердин байлыгы мага бүгүн керек, эртеңкисин эртеңкилер өздөрү ойлонсун” деген ичи тардык ашынып кетти. Арал деңизиндеги трагедияны уккан сайын башыбызды чайкап коюп, андан кем эмес жапа чегип жаткан Ысык-Көлүбүз менен ишибиз жок. Ден соолукка бычак болуп кадалган түштүктүн тамекисин жазып түбүнө жеттикпи, бу турат. Арстанбаптын токоюн чекесинен кыйып, көмүрдүн ордуна жагып, кыштан жан сактап чыккандар жөнүндө ооз учунда сөз кылабыз, а жок дегенде кол учунда көмөк көрсөттүкпү, жок, бу турат. Ушундай Кудайдан коркпогурлардын табияттын кереметти, касиеттүү сулуулугу менен иши барбы?! Андайлар босогосунан аркыны көрө албайт”. Кандай гана таза, улуу сөздөр, ушул үзүндүдөн эле С.Чокморовдун кандай адам экендиги, адам, табият, кооздук, сулуулук үчүн кандай гана күйүп бышкан. Ошол жылдары (1980-жылдар, бул жылдары адамдар кайдыгерлик, ачкөздүк сыяктуу жат сапаттардан бир кыйла эле алыс болгон экен) ушундай элдин, адамдардын кайдыгерлигине күйүп-бышкан ойлорун айтып отурат, эгер азыр биздин күндөгү болуп жаткан окуяларды, кайдыгерликти, бузукулукту, түшүнбөстүктү көрсө, улуу актерубуз эмне дээр эле?

Публицистиканы окуп отуруп, А.Матисаков биздин ата-бабаларыбыздан калган сонун салттарды, акыл-эсти таза сактап кармай алуудабызбы, келечек муунду ушундай жолдо туура тарбиялап жатабызбы, майдаланып, күнүмдүк көр тирликтин көйгөйүнөн көтөрүлө албай калгандан алыспызбы деген суроолорду коюп, адамдар бул тууралуу ойлонуулары, ошон үчүн жашап өтүүлөрү керектигин улуу актердун көз карашын, жасаган иштерин баяндоо аркылуу туюнтууга жетишкендигин байкайбыз. Эгерде азыркы замандагы адамдын мүнөзү, рухий дүйнөсү, келечек жөнүндө ойлонуусу Чокморовдукундай болгондо гана деген сезим менен, бирок ушундай адамдардын азайып бараткандыгын кейүү менен эскерген. Публицистиканын максаты өмүрү өрнөктүү адамдын портретин тартып жатып, башка адамдарды ушундай ой жүгүртүүгө, рухий, нравалык жактан жаңылануууга чакырган. Чынында, бул маселе бүгүнкү күндө бизге аба менен суудай эле керек болуп калбадыбы, адамдар абийирин, рухун, жан дүйнөсүн акчага, байлык, бийликке алмашкан учурду башыбыздан өткөрүп жатпайбызбы?

Азыр биз табиятты сыйлап, ал үчүн кам көрүп жатабызбы? Андан тарбия алып жатабызбы? Ооба, азыр айылдан уланып келаткан улуулардын сөзүн капка салуу, эмгектен тарбиялануу, улууну сыйлоо деген сапаттардан алыстап, батышты

туурап калбадыкпы. А Чокморов сыяктуу залкар, атактуу, өмүрү башкаларга үлгү болчу адамдар тескерисинче, жашоо, турмуштагы көргөн-билгенин, улуулардан уккан сөздөрүнөн тарбияланып, каада-салты, анын кийинки муунга жетиши, келечеги, дегеле адамдар тууралуу ойлонуп, өрнөктүү ойлору окурманды ой жүгүртүүгө, ойлонууга, аракеттенүүгө түртөт. Чындыгында, “Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй” публицистикасында С.Чокморовдун жан дүйнөсү, кандай адам экендиги ачылган, кимдиги окурмандын көз алдына ачык тартылган, мисалы, экөөнүн диалогуна көңүл бурсак:

“- Сүкө, адамдарга жакшылык кылуунун кылымдардан берки сабагы бар. Мындай асылзаадалык адам баласынын көчөт кезинен тамырлап, көкүрөккө барат деп жүрүшөт. Кооздукка, сулуулукка көз ачылып, туюмдун поэзиясы да ошондо түптөлөт. Сократтын “Кооздукту түшүнүү көкүрөккө жараша” деп айтканы бар го.

- Кооздукту түшүнүү, анын эстетикасына кумарлануу бармактай кезден түйүлөт дегениң да туура. Мисалы, музыканын, көркөм полотнонун лирикасын, философиясын, скульптуранын пластикалык тилин түшүнүү да кырчын кезден калыптанат. А деген талант. Моцарттын “Реквиемин” угуп жаткан тили бөлөк, дили башка адамдар да чыгармадагы улуу композитордун жашоосу токтоп калган эпизодго келгенде кадимкидей жашып кетишет. Сезимдердин түгөйлүгүн, музыканын сыйкырын караңызчы! Ошол эле угармандардын арасында ооз көптүрүп айта жүрүш каада-касирети үчүн кошулуп калгандардын чыгарма “жибите” албаган жарды дүйнөсүн бир эсе аяйсың… Искусствого болгон мажүрөлүктүн тамырын кайтып эле балалыктан издегенибиз дурус. Мектепте ыр, сүрөт сабактарына (өзгөчө, айрыкча) алиге чейин жеңил-желпи карашат. “Ырды мал бакса, тоо-түздө ырдасаң болот, а сүрөтчү болуп жалчып кеткендерди да учурата элекпиз. Эсиң болсо, математика менен химиядан баш көтөрбө, азыр ошол илимдердин заманы” деп балдарынын кулагына куюп, өткүр сезимине жөргөмүштүн желесин тарткан ата-энелерди да көрүп жүрөбүз. Алардан мугалимдер ашып түшөт. Көп жерлерде сүрөттөн, ырдан адистиги жок, эптеп-септеп “саатка жеткен” мугалимдер билгенинче сабак өтүшөт. Сааттар аз. Аягы эмне болот? Кулунчак кезден искусствого кайдыгерлик жаралат”.

Эгер С.Чокморов биздин күндө жашап, азыркы мектеп, азыркы жашоо, азыркы саясат, азыркы шумдуктуу көрүнүштөрдү көргөндө эмне деп айтар эле? Азыркы күндөгү мектептердин абалын карап көрөлүчү, Бишкек шаарындагы мектептерде бир класста кырк-элүүдөн бала окуп, жазарга, отурарга орун таба албай, эптеп-септеп окуган абалы, ал эми айыл жергесинде атайын адистердин жоктугу, бир эле мугалим кыргыз тил, орус тил, математика, англис тили, химия, биология сыяктуу толуп жаткан сабактардан бериши (көпчүлүк айылдык мектептерде абал ушундай) эмне деген шумдук болуп жаткандыгы, тестиер балдар тарбияланмак турсун, мектептеги тартипсиздик менен тарбияланып, келечек “билеги күчтүүлөрдүкү” деген түшүнүк менен тарбияланып, чыгып жатышкандыгы заманыбыздын ачуу чындыгы эмеспи?

Мына ушуларды көрбөстөн, ал кезде жакшы эле деп эскерген мезгилде жогорудагыдай ой-пикирлерин айткан улуу инсан Сүймөнкул Чокморов келечекти, адамдардан акыл-эс кетип, шумдук жоруктарга барып, бийлик, байлык кумары үчүн баарын жасап, абийир, адептен кеткен азыркы заман жөнүндө көзү ачыктык кылган жок беле? деген суроо туулат. Ооба, эки инсан биздин доордогу абийирсиздик, кыйынчылык тууралуу алдын-ала айтышыптыр! Чынында, адам адам болуп кичине кезден калыптанары, ата-энеси менен бирге бала бакчадагы

тарбиячылар, мектеп мугалимдеринен да болорун Чокморов алдын-ала айтып, ушуга кам көрүү зарыл маселе, коомдогу чоң проблема экендигин айтып, баса белгилеген. Диалогдон эки адамдын жөн гана сүйлөшүүсү эмес, сулуулукту, кооздукту баалай билген, сезимтал, мыкты мүнөзү сыяктуу касиет-сапаттары ачылат. Эки инсан адамды кантип тарбиялоо керек, кийинки муун үчүн кандай кызмат кылышыбыз керек, кантип чыныгы муунду тарбиялайбыз деген суроону коюп, чечмелөө аракетин көрүшүп, ар бир адам ушундай ойлонуулары керектигин, бирок биз муну көңүлгө албай жаткандыгыбызга абдан кейиткен. Тарбиясыздыктын түпкү тегин тапканга, таразалаганга аракеттенишип, түпкү башат бала кезден туура тарбиялоонун зарылдыгын баса белгилешкен. Ошондой эле ар бир киши өзүнө жакын нерсени гана түшүнөт деп айтылгандай, улуу муун келечек муунга өзгөчө мамиле жасап, анын таза, мыкты инсан катары чыгышына кам көрүүнү, түшүнө билүүнү айтып, аналитикалык ой жүгүртүү менен окурмандардын алдына суроо ташташат. Чындыгында, абдан белгилүү инсан тууралуу очерк жазуу, чакан мазмун аркылуу анын кимдигин толук ачып берүү абдан кыйын иш эмеспи, буга автор өзү кошулуп: «Турмушу чоң романга татырлык адам жөнүндө бир шиңгил очерк жазуу баарынан кыйын экен» - деп, мойнуна алып жатпайбы. Автордун мындай түйшөлүүсүнө карабай, бул чыгарма мыкты чыккан, журналист Сүймөнкул Чокморов тууралуу абдан эле жакшы айтып берген, бекеринен доорубуздун залкар жазуучусу Чыңгыз Айтматов: “Абдиламит Матисаков сөз багуу деген өнөрдү, мындайча айтканда, “жаратылыштын бир адам аркылуу бүткүл адамзатка жиберген белегин” баркынан түшүрбөй, тузунан кемитпей, бийик даража менен алып келатканы мени кубандырат. Күлүктүн күлүктүгүн жол сынайт, жигиттин жигиттигин иш сынайт дейт. Кезегинде элибиздин залкар инсаны, ыраматылык Сүймөнкул Чокморовдун адамдык жана сүрөткерлик портретин элестүү сөзү менен терең ачып берген журналисттик изденүүсү республикабыздын журтчулугу тарабынан абдан жылуу кабыл алынгандыгы эсибизде. Портреттик очерктер, аңгемелер, публицистикалык эскиздер – бул таланттуу калемгер инибиздин өтөлгөлүү эмгегинин жемиштүү үзүрү” - деп жогору баа берген эместир. Жыйынтыгында, А.Матисаков философиялык ой толгоосун, ой-пикирлерин чебер чагылдыруунун натыйжасында окурманга Сүймөнкул Чокморовдун ким экендигин, кандай чыгармачыл инсан экендигин билдирүүгө жетишкен. Анын чыгармачылыгы, табити тууралуу айтуусу, окурмандарды кызыктырып ички сезимин ойготуучу касиет-сапатын толук бойдон көрсөтө алган десек болот. “Эскермелер же мемуарлар көркөм адабияттын проза түрүндөгү өз алдынча өнүккөн жанрларынын бири. Өзү катышкан окуяларды, же ар түрдүү адамдар менен байланышкан турмуштук жагдайларды жана кырдаалдарды, жекече интимдүү карым-катыштардан баштап, коомдук-социалдык кагылыштарга чейин эске түшүрүп жазуу эскермелер же мемуарлар деп аталат” - деп жанрдык аныктама берилгендей, эскерме жазуу бир кыйла татаалдыкты туудурат, мисалы замандаштарың тууралуу жазасыңбы, же өзү башыңдан өткөргөн коомдогу кайсы бир зор окуя тууралуу жазасыңбы, элиң үчүн эң керектүү, эң зарыл материалдар топтолушу зарыл. А.Матисаков адабият, маданият өкүлдөрүн, коомубуздагы белгилүү инсандардын портретин тартып, замандаштарынын бейнелерин кагазга түшүргөн публицистикаларды, эскерме макалаларды арбын жазган, мисалы, жазуучу Кубатбек Жусубалиев тууралуу “Ата Журтчу аман - журт аман…” адабий ажары, Жазуучу Мырза Гапаров тууралуу “Тыңшачы, дарыялар шоокуму угулабы?!”, белгилүү балбан тууралуу

“Далысы жерге тийбеген “Тапанча” палвандын таржымалы” очерки, белгилүү комузчу Болуш Мадазимов тууралуу “Болуш комузчу” ж.б. же болбосо, жазам деп камданып жүргөн кесиптеши Эсенбек Калдаров жөнүндө ж.б. белгилүү инсандар тууралуу публицистикаларында ар биринин мүнөзүн, чыгармачылык табитин, таланты, чеберчилиги жана жөн гана пенделик мүнөзүн ачып берүүгө аракеттенген.

А.Матисаковду публицист катары изилдөөдө «Кайдасың, кагылайын кайрымдуулук?!» аттуу макаласын аттап өтүүгө болбойт, анткени автор жогоруда талдап өткөн публицистикасында көтөрүп чыккан проблемалардан сөз козгойт. Автор карылык тууралуу ой-жүгүртүп келип, кезек талашып, чыканак менен түртүшүүгө, эрегишүүгө, бир сөзүн эки кылууга, карылык менен конфликтке чыгууга моралдык акыбыз барбы?! Же биз, жаштар тагдыр алдыбызга даярдап турган карылыктан качсак, кутулуп кетебизби?! Кайрымдуулук үрөнү канткенде өнөт, ага ким үндөйт, ага ким үйрөтөт? деген суроону коюу менен, карылыкка жаштардын, адамдарга жасаган мамилеси тууралуу философиялык ой-жүгүртөт. Турмушта чындыгында, биз дайым эле ушул суроолорду коюп келебизби? Матисаков айткан ойлор бизди ойлонууга түртүп жатат. Чыныгы публицистиканын талабына ылайык, журналист баарыбыздын алдыбызга суроо таштаган. Автор бала кезинде көргөн жолдун боюнда турган көзү көр, үстү самтырак карынын кайыр сурап турганын, атасы дайым тыйын берип, ага да тыйын-тыпыр берип жүр, кайрымдуу бол деген көрүнүштү кийин бой жеткенде көргөн Ата Мекендик согуштун осколкасынан арыла албаган оорулуу абышканын больницанын коридорунда (палаталарда орун жетишпей) жатканы, бирок өзү алсыз болсо да балыктарга, чымчыктарга жем бергени, карабай кеткен баласынан үмүтүн үзбөй күткөндүгүн, айтып жатып, кайдыгерлик деген кандай жаман адат экендигин, адамдар кайдыгерликтен кантип кутулабыз деген суроону адам баласынын алдына таштаган. Заманга жарашабы, адамдар мерез, таш боор, кайрымсыз болуп бараткандары авторду түйшөлтүп, публицистикасын бүт бойдон суроо коюу менен жазган, бул публицистикадан Матисаковдун өзүнүн боорукер, жөнөкөй мүнөзү көрүнүп турат. Бала кезинде кайырчыларга боору ооруп, тыйын бербей өтө албаган мүнөзү, кийин белгилүү журналист болгондо алсыз, жалгыз калган карыларды көрүп, жан-дүйнөсү сыздап, адамдар эмне үчүн кайрымсыз болуп калгандыгы суроосун чечмелей албай, мунун баары бала кездеги тарбиядан го деп божомолдойт. Кайрымдуулук жөнүндө сөз кылып жатып: «Биз, журналисттер, жазуучу-публицисттер, көл, жаңгак токою, пахта, жайыт маселесине келгенде жарышка түшкөндөй жазып, ал үчүн отко болсо отко, чокко болсо чокко бой таштагыбыз келет. Ошол глобал темаларды көтөргөндөрдүн калеминен үргүлсө болот. Бирок жер үстүндө катарыбыздан калбай кылдыратып оокат өткөргөн кары адамдардын таш-пиши, тагдыры, жалгыздыгы, жаштарыбызга күлазык болчу кайрымдуулугун, жакшылыгын жазууну да жадыбыздан чыгарбасак. Алар биздин беш күндүк мейманыбыз!..» - деп, журналисттер жер үстүндөгү чоң-чоң проблемаларды коюп, кыргыз элинин кендирин кесип, келечегин жок кылып жаткан проблемалар тууралуу жазышын да каалаган. Ооба, бизде Матисаков айткандай, ыйлаган кары, жетим калган бала, мээримсиз тагдырдан жапа чеккен адамдар азбы? Мындай проблемалар бүгүнкү күндө өтө көп. Азыр адамдар адамдарды сыйлабай, элдик мыкты салттарды унутуп баратышкандыгын, улуттук баалуулуктарын жоготуу алдында тургандыгын айтып, кыргыз эли качан карысын, алсызын карабай таштачу эле, кайда баратабыз деген суроону таштап, XX кылым гуманисттик принциптердин кылымы деп айтылганы менен, гумандуулук деген кайда, муну биз жоготпошубуздун зарылдыгын, бул бүгүнкү күндүн эң башкы талабы экендигин,

бул абдан керектигин айтып, адамдарды боорукер, кайрымдуу, ыймандуу болууга ар бир публицистикасында чакырган. А.Матисаков башка журналист, публицисттерден айырмаланып, доорубуздагы оор, кейиштүү проблемалар тууралуу дайыма ой жүгүртүп, сөз козгоп келет, мына ушул касиет-сапаты аны башкалардан айырмалап эле тим болбостон, анын мыктылыгын айгинелеп турат. Дал ушундай публицистикаларына «Карынын сөзүн капка сал», «Күзгүнү» кошсок болот. "Карынын сөзүн капка сал" деген публицистикасында да, кары адамдардын айкөл мүнөздөрүн, айылдын кең пейил карыларын Жусуп багбанды сүрөттөө менен айтып берүүгө жетишкен да, келечек муунга карыларды сыйлай жүрөлү, алардын санжыргалуу сөздөрүн сактай жүрөлү, ызааттайлы, алардан жакшы нерселерди үйрөнөлү деген чакырык таштаган. Маселен, карылардын иш-аракеттери, кептери жаштарга тарбия болорун, коомдогу атайын чакырык менен, тартип менен ишке ашуучу нерселерди гана колдобостон, элдик мурастардан да тарбия алсак дейт. Ооба, бул чынында өтө керектүү, азыркы коом, азыркы жаштар үчүн зарыл маселе, жаштар карылардан адептүүлүктү, маданиятты, тартипти үйрөнүшү керек, публицистиканын пафосу - ушул. Башта карылардын оор тагдыры, карыларга жасалган терс мамиле тууралуу жан кейитүү менен жазса, бул макаласында жаштардын, жогоруда айтып кеткендей, таш боор, мээримсиз болбошуна карылардын айтканын угуп, кептерине кулак салып, үйрөнө жүрүүлөрүн айтып кеткен. Публицистикаларындагы мына ушундай маселелер анын чыныгы мыкты публицист экендигин, заман көйгөйүн дайыма көтөрүп чыгарын далилдеп, кандай темада жазбасын, жанрдын талабын эсинен чыгарбай, журналисттик милдетин так өтөгөн чебер калемгер экендигин далилдейт, мисалы, кайрымдуулук проблемасы тууралуу сөз козгогон публицистикаларында жаштарды тарбиялоону да, карылардын тарбиясынын керектүүлүгүн да таамай чагылдырууга жетишкен, мындай деп чечим чыгарууга жогоруда аталган публицистикалары күбө.

Публицист замандаштары жөнүндө кеп козгогондо эң биринчи иретте анын кандай адам экендиги тууралуу айтып келип, анан анын чыгармачылыгы, ой-пикирлери, келечек максаттары, адабият, маданият жөнүндөгү көз карашы ж.б. тууралуу кеп кылганга аракеттенет. Маселен, "Тыңшачы, дарыялар шоокуму угулабы?!" деген публицистикасында аты эле айтып тургандай, жазуучу Мырза Гапаровдун бейнесин тартканга аракеттенет. Мында Гапаровдун кандай жазуучу экендиги, экөөнүн Ош шаарында аңгемелешүүсү, чыгармаларынын окуясын, сюжетин, образдарын кайдан табары тууралуу кеңири токтолуп келип, "Ал жазды эч нерсеге теңебейт, ага барабар керемет ал үчүн бу дүйнөдө табылбайт" - деп, анын мүнөзүн кыялкеч, табиятты сүйгөн, сөздү аябай иштете билген, ой менен тилди айкалыштыра билген, анын чыгармаларын окуганда табиятты аралап жүргөндөй болосуң деп, окурмандар көп биле билбеген жактарын ачып көрсөткөн.

А.Матисаковдун белгилүү инсандар тууралуу мына ушундай макалалары кимдир бирөө тууралуу макалалар цикли деп койсок болот жана матисаковдук жазуу чеберчилигин ачып көрсөткөн, Матисаков ким тууралуу жазбасын майын чыгара, көркөмдөп, каармандын башкалар билбеген "жан дүйнөсүн, жан сырларын" жөнөкөй тилде баяндап бере алат. Эгерде биздин белгилүү инсандар тууралуу дагы ушундай макалалар жазыла берсе, абдан эле жакшы болмок.

"Жазыш деген өзүңү-өзүң үстөлгө матасаң, өрөпкүп-өчөшсөң эле арбый берер жумуш эмес да, көз курчу мокоп, чама-чаркым майышканда туруп кеттим. Балконго калемди кармай чыгыпмын. Таң сөгүлүп баратат, ошого жараша кыйраткан же иш кылсамчы. Эч кимге кереги жоктой ай жаныбар бозоруп күндөгү жолунда, тогуз кабат аска тамдын төбөсүндө шооласын жерден үзүп-үзө

албай… Эки түн короттум, а он беттик макала али бүтө элек. Көп болсо да бир жөн, наяти он бет… жазылды дейли, жарык көрдү дейли, шону дагы он, жыйырма жыл өткөрүп бирөө-жарым колуна алып, пашарт окуп калса “а бечара түзүк жазган экен” деген сөз шо пенденин ниетинен чыгар бекен…” - деген сөзү, журналист кандай жазышы керек, жакшы публицисттин чыгармасы кандай болуусу керек дегн суроого жооп берип койгон. Чынында, журналист жакшы жазышы керек, бир күндүк макала болбостон, көп жылдан кийин да маңызын жоготпосо публицистиканын, журналисттик кесиптин талабына толук жооп бергендиги. Тилекке каршы, мындай публицистикалык чыгармалар аз болуп, улуттук журналистиканы бир жагынан кемитип турат.

Ал бүгүнкү күндө кыргыз элинин келечегине күйгөн инсан катары кыргыз журналистикасы да заманга жараша бузулуп, түзөлүп бараткан абалына күйүп-бышып, бүгүн сөздүн күч-кудуретине амирине табынып-сыйынуу менен мамиле кылуу калып баратканына, сөздү ысырап тутуп, убалынан коркпогондор оозуна келген “отсуз” сөздөр менен гезит бетин бербей, а тургай күргүштөтүп китеп аркасынан китеп чыгарганды кумар кылып алышты. Жан отунан жаралган ширелүү, булчуңдуу, нукура сөздөр мезгил бүктөмүндө калып, “…байдын уулу сүйлөсүн…” деген таклип адабияттын ыйык төрүндө тайраңдап, колго алгандан жүрөк кирдеген килейген “тили жапайы” китептер сорт-сортко бөлүнүп, жайылган ундай дүкөндөрдө шыкалып турат. Анан жүрөк оту менен жазгандар “ой, тобоо!” - деп жака кармабаганда эмне кылат!..» (интервьюсунан алынды) - деп, сөздүн, китептин баркынын калбагандыгына кейип, кыргыздын жаш журналисттери муну эстеринен чыгарбоолорун эскертет жана публицистикаларында турмушка, руханий баалуулукка, адамдык тазалыкка, кайрымдуулукка, боорукерликке карата өзүнө гана тиешелүү көз караштары, философиялык ой-толгоолору чагылтылган.

Чындыгында, жазуучу жана публицист деген атты бирге ала жүргөн, коомдук көз караштын өнүгүшүнө, улуттук маселелердин жанданышына, өйдөлөшүнө белгилүү өлчөмдө салымын кошкон А.Матисаковдун журналисттик, публицисттик, сынчылык ишмердиги тууралуу айтчу ой-пикир али көп, а көркөм чыгармачылыгы талдоо алдыдагы максатыбыз деп айтмакчымын.

Адабияттар:

1. Айтматов Ч. Күлүктүн күлүктүгүн жол сынайт /Кит-те: Матисаков А. Атамды көргөн өлбөсүн. - Б., 2004. 4-б.
2. Кыдырбаева Р.З., Асаналиев К. Кыргыз адабий илиминин терминдер сөздүгү. - Б., 2004. 567-б.
3. Матисаков А. Атамды көргөн өлбөсүн. - Б., 2004.